| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ТЕПКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЕПКЕНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Тепке айылдык кеңешинин депутаттарынын 28-чакырылышынын 12 кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**29.03.2023-жыл** **№ 07** **Тепке айылы**

**Муниципалдык менчикте турган ирригациялык жана дренаждык тутумдарды пайдаланган "Джергалан" сугат суу пайдалануучулар ассоциациясынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акынын өлчөмдөрүн жана бюджетин бекитүү жөнүндө**

**1.** Тепке айыл кенешинин 28-чакырылышынын депутаттары кезектеги кезексиз сессиясында "Джергалан" сугат суу пайдалануучулар ассоциациясынын сугат суу боюнча коюлган тарифин карап жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Суу Кодексинин 40-беренесинин 2-1 пунктуна ылайык Тепке айылдык кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1) Муниципалдык менчикте турган ирригациялык жана дренаждык тутумдарды пайдаланган "Джергалан" сугат суу пайдалануучулар ассоциациясынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн сууга төлөөчү акынын өлчөмдөрү 2023-жылы баасы - бир метр куб сууга 0,10 (он) тыйын, Тепке айылына - огород сугаты 0,01га – 10(он) сом, ал эми Курбу, Жылдыз айылдарында - огород сугаты жана мал сугарууга (водопой) бир жылга – 150 (бир жүз элүү) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2) Суу берүүгө келишим боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн алынган каражат ирригациялык жана дренаждык тутумдарды эксплуатациялоо жана техникалык жактан тейлөөгө акы төлөөгө кеткен ар бир жылкы чыгымдарды жабууга жумшалсын.

3) Сугат сууга болгон төлөмдөр банк жана почта кызматы аркылуу жүргүзүлсүн.

**2.** "Джергалан" СПАнын бюджети 712940 (жети жүз он эки миң кырк) сом болуп бекитилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышы "Джергалан" СПАнын директору Т. Акуновга милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т. Сатывалдиев**